# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
# КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК УНИВЕРСИТЕТИ
**Социалдык колледж**
**«Экономикалык, укуктук жана коомдук сабактар бирикмеси»**

«Макулдашылды»
К-ӨУ нин ОДнин директору, доцент
_______________А.Ш.Юсупов
«16» 01 2019 ж.

«Бекитемин»
К-ӨУ нин сырттан окуу боюнча проректору, доцент
_______________А.Зулпукаров
«16» 01 2019 ж.

030503 «Укук таануу» адистиги үчүн
Жалпы кесиптик жана
атайын адистештирилген сабактар
боюнча мамлекеттик комплекстик
сынактын программасы
(мамлекеттик, расмий тилдеринде)

**Ош-2019**

**030503 «Укук таануу» адистиги үчүн**
**«Мамлекеттин жана укукуктун теориясы» сабагы боюнча**
**мамлекеттик сынактын программасы**

«Мамлекеттин жана укукуктун теориясы» боюнча берилген ушул программа Кыргыз Республикасынын билим берүү министирлигинин коллегиясы тарабынан кабыл алынган «орто кесиптик билимдин мамлекеттик билим берүүчү стандартынын» талаптарынын негизинде иштелип чыккан.

Азыркы замандагы юрист кадрларын ийгиликтүү даярдап чыгаруу үчүн, бир жагынан билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына дал келген, экинчи жагынан – лекциялардын, сыноодон өткөн курстарына жана методикалык окуу куралдарына негизделген, ОКОЖдордун топтолгон педагогикалык тажрыйбасын, өлкөдө жүрүп жаткан өзгөрүүлөрдү, учурдагы мыйзамдарды, социалдык практиканы чагылдырган материалдарды камтуу менен ушул программа түзүлгөн.

Бул курс боюнча мамлекеттик сынак тапшыруунун максаты жогоруда айтылган маселелерди бириктирип, мамлекеттүүлүктү чыңдоого, бийлик түзүмдөрүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптерин өнүктүрүүгө багытталган, акыркы өзгөртүүлөргө жана демилгелерге укуктук баа берилген.

Укукту мамлекеттен тышкары туура түшүнүү мүмкүн эмес, а мамлекетти – укуксуз, анткени, алардын келип чыгышы, тарыхый миссиясы жана функциясы көп жагынан бирдей, алардын тамыры бир. Ошону менен катар мамлекеттин проблемалары, студент – юристтин укуктун маңызын жана милдетин тереңирээк түшүнүүсү үчүн зарыл болгон деңгээлде гана кароо керек, себеби, алардын кесиби дал ушул укук, мыйзамдар менен байланыштуу.

Бул программа «Укук таануу» адистигинин бүтүрүүчү студенттери үчүн орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын негизинде түзүлгөн. «Мамлекеттин жана укуктун теориясы» сабагы боюнча мамлекеттик сынактын программасы.

**Мамлекеттин жана укуктун теориясынын предмети жана методору.**

Мамлекет жана укук теориясынын предмети. Мамлекет жана укук теориясынын түзүмү . Мамлекет жана укук теориясынын функциялары. Мамлекет жана укук теориясынын методдорунун системасы . Мамлекет жана укук теориясынын башка илимдер менен байланышы . Азыркы замандагы юристтин укуктук маданиятын калыптандырууда мамлекет жана укук теориясынын ролу.

**Мамлекеттин жана укуктун келип чыгышы.**

Мамлекетке чейинки мезгилдеги бийликтин жалпы мүнөздөмөсү. Мамлекетке чейинки мезгилдеги социалдык ченемдердин жалпы мүнөздөмөсү. Мамлекеттин келип чыгышынын себептери жана функциялары. Мамлекеттин келип чыгышынын негизги теориялары . Мамлекет –коомдун өнүгүүсүнүн продуктасы катары . Укуктун келип чыгышынын өзгөчөлүктөрү.

**Мамлекеттин маңызы жана функциялары.**

Мамлекеттик бийлик : түшүнүгү жана жалпы белгилери. Мамлекеттин түшүнүгү жана белгилери. Мамлекеттин маңызы. Мамлекеттин функциялары: түшүнүгү жана түрлөрү. Мамлекеттин ички жана тышкы негизги функциялары. Мамлекеттин функцияларын ишке ашыруунун формалары.

**Мамлекеттин типтери жана формалары .**

Мамлекеттин формациялык жана цивилизациялык типтери . Мамлекеттин формасы : Мамлекеттин формасы: түшүнүгү жана элементтери. Мамлекеттик башкаруу формасы. Мамлекеттин тиби менен формасынын өз ара катышы. Мамлекеттик түзүлүш формасы . Саясий режим: түшүнүгү, белгилери, түрлөрү.

**Мамлекеттин механизми жана коомдун саясий системасы.**

Мамлекеттин механизми: түшүнүгү, негизги белгилери, структурасы. Мамлекеттик органдардын түшүнүгү, белгилери жана түрлөрү. Мамлекеттик аппараттын уюшулуу жана иштөө принциптери. Коомдун саясий сиситемасы: түшүнүгү , түзүмү жана функциялары. Мамлекеттин жана укуктун коомдун саясий системасындагы орду жана ролу. Мамлекеттик органдар жана коомдун саясий системасынын башка субъектилери .

***Жарандык коом жана укуктук мамлекет .***

*Жарандык коом түшүнүгү. Тарыхый экскурс. Жарандык коомдун маңызы жана негизги принциптери. Жарандык коомдун түзүмү. Мамлекет менен укуктун өз ара катышы жана байланышы . « Мыйзамда тыюу салынбаганга уруксат» принциби жөнүндө. Укуктук мамлекеттин түшүнүгү жана мыңызы.*

***Укук жана укуктук тутум .***

*Укуктун түшүнүгү, маңызы жана белгилери. Укуктун объективдүү жана субъективдүү маанидеги түшүнүктөрү. Укук жөнүндөгү негизги окуулар . Укукту түшүнүүнүн дискуссиялык аспектилери. Укуктун принциптери. Укуктун функциялары : түшүнүгү жана түрлөрү . Укук жана укуктук тутум. Негизги укуктук үй-бүлөлөрдүн жалпы мүнөздөмөсү.*

***Укук жана инсан.***

*Инсандын укуктук статусу : түшүнүгү,түзүмү, түрлөрү. Адамдын жана жарандын негизги укуктары. Инсандын юридикалык милдеттери. Укук - инсандын эркиндигинин жана жоопкерчилигинин чени катары.*

***Укук социалдык ченемдер тутумунда.***

*Социалдык жана техникалык ченемдер. Социалдык ченемдердин түшүнүгү жана түрлөрү. Укук менен моралдын өз ара катышы: бирдиктүүлүгү, айырмачылыгы, өз ара аракеттешүүсү, карама-каршылыгы. Укук жана башка социалдык ченемдер . Укуктук презумпциялар жана аксиомалар.*

***Укуктук аң- сезим жана укуктук маданият .***

*Укуктук аң-сезим : түшүнүгү, түрлөрү, түзүмү. Укуктук тарбия: зарылдыгы, формалары жана методдору. Укуктук маданият : түшүнүгү жана түзүмү. Укуктук нигилизм : түшүнүгү, булактары, көрүнүү формалары. Укуктук идеализм жана анын себептери.*

***Укук ченемдери.***

*Укук ченемдеринин түшүнүгү жана белгилери. Укуктук ченемдердин укук берүүчү - милдеттендирүүчү мүнөзү. Укук ченеминин түзүмү. Колдоо жана*

жазалоо укук ченеминин санкциялары катарында. Укук ченеми менен ченемдик актынын статьясынын өз ара катышы. Укук ченемдеринин классификациясы.

**Укуктун формалары жана укук чыгарылуучулук.**

Укуктун формаларынын (булактарынын) түшүнүгү жана түрлөрү. Ченемдик актылар: түшүнүгү жана түрлөрү. Мыйзамдын жана мыйзам алдындагы актылардын түшүнүгү, белгилери жана түрлөрү. Ченемдик актылардын убакыт боюнча, мейкиндикте жана жактарга карата колдонулушу(аракеттениши). Укук чыгаруунун түшүнүгү, принциптери жана түрлөрү. Мыйзам чыгаруунун түшүнүгү жана баскычтары. Ченемдик актыларды тутумдаштыруу түшүнүгү жана түрлөрү. Юридикалык техника.

**Укук тутуму жана мыйзамдар тутуму.**

Укук тутумунун түшүнүгү жана түзүмдүк элементтери.

Укуктук жөнгө салуунун предмети жана методу, укукту тармактарга жана институттарга бөлүүнүн негизи катарында. Жеке жана жалпы укук. Кыргызстандын укук тармактарынын жалпы мүнөздөмөсү. Укук тутуму жана мыйзамдар тутуму: катышы жана өз ара байланышы.

**Укуктун ишке ашышы.**

Укуктун ишке ашышынын түшүнүгү жана формалары. Укукту колдонуу, аны ишке ашыруунун өзгөчө формасы катары. Укук ченемдерин колдонуу процессинин негизги баскычтары. Укук ченемдерин колдонуу актылары: түшүнүгү, өзгөчөлүктөрү, түрлөрү. Укуктагы кенемтелер. Укук ченемин аналогия боюнча колдонуу.

**Укуктук чечмелөө.**

Укук ченемдерин чечмелөө: түшүнүгү жана зарылдыгы . Субъектилери боюнча чечмелөөнүн түрлөрү. Укук ченемдерин чечмелөөнүн жолдору жана көлөмү. Укук чечмелөө актылары : түшүнүгү, өзгөчөлүктөрү, түрлөрү. Юридикалык иш-тажрыйба (практика).

**Укуктагы коллизиялар.**

Юридикалык коллизиялардын түшүнүгү жана себептери. Юридикалык коллизиялардын түрлөрү. Юридикалык коллизияларды чечүүнүн жолдору.

**Укуктук мамилелер.**

Укуктук мамилелер- коомдук мамилелердин өзгөчө түрү катары.
Укуктук мамилелердин пайда болушунун жана жүрүшүнүн өбөлгөлөрү.
Укуктук мамилелердин субъектилери. Укукка жөндөмдүүлүк жана аракетке жөндөмдүүлүк . Субъективдүү укук жана юридикалык милдет укуктук мамиленин мазмуну катарында. Укуктук мамиленин объектилери: түшүнүгү жана түрлөрү. Юридикалык фактылар жана алардын түрлөрү.

**Мыйзамдуу кызыкчылыктар.**

Мыйзамдуу кызыкчылыктардын түшүнүгү. Мыйзамдуу кызыкчылыктардын субъективдүү укуктардан айырмачылыгы. Мыйзамдуу кызыкчылыктардын түрлөрү жана аларды ишке ашыруу көйгөйлөрү.

**Мыйзамдуулук жана укуктук тартип**

Мыйзамдуулуктун жана укуктук тартиптин объективдүү зарылдыгы .
Мыйзамдуулуктун түшүнүгү жана негизги принциптери. Укуктук тартип.
Укуктук жана коомдук тартиптин өз ара катышы. Мыйзамдуулук, укуктук тартип жана демократия. Мыйзамдуулук жана тартип (дисциплина)
Мыйзамдуулуктун жана укуктук тартиптин кепилдиктери : түшүнүгү жана түрлөрү.

**Укук ченемдүү жүрүм-турум жана укук бузуу.**

Укук ченемдүү жүрүм-турум : түшүнүгү, түрлөрү, жүйөлөрү. Укук бузуу: түшүнүгү, белгилери, түрлөрү. Жосундун укукка каршылыгын жана юридикалык жоопкерчиликти жокко чыгаруучу жагдайлар.

**Юридикалык жоопкерчилик.**

Социалдык жоопкерчилик түшүнүгү жана түрлөрү. Юридикалык жоопкерчилик: өзгөчөлүктөрү жана түрлөрү.
Жоопкерчиликтин эки аспектиси. Күнөөсүздүк презумпциясы. Юридикалык жоопкерчиликтин максаттары , функциялары жана принциптери.

*Укуктук саясат.*

*Саясаттын жалпы мүнөздөмөсү. Укуктук саясаттын маңызы жана негизги принциптери. Кыргызстандын укуктук саясатынын негизги артыкчылыктары.*

*Укуктагы жана укуктук саясаттагы максаттар жана каражаттар.*

*Укуктук максаттар: түшүнүгү, белгилери , түрлөрү. Укуктук максаттардын мыйзамдарда каралышы. Укуктук каражаттар: түшүнүгү , белгилери, түрлөрү. Укуктук каражаттардын функциялары.*

*Укуктук жөнгө салуу.*

*Укуктук жөнгө салуу механизминин түшүнүгү жана элементтери.*
*Укуктук жөнгө салуу механизминин баскычтары.*
*Укуктук жөнгө салуу механизминин эффективдүүлүгү.*
*Укуктук жөгө салуунун жолдору жана типтери.*
*Укуктук жөнгө салуу жана укутук таасир этүү.*
*Стимулдар жана чектөөлөр укуктук таасир этүүнүн каражаттары катарында.*
*Укуктагы жеңилдиктер, привилегиялар жана иммунитеттер .*

*Укуктук режимдер.*

*Укуктук режимдердин түшүнүгү жана белгилери.*
*Укуктук жана саясий режимдердин өз ара катышы.*
*Укуктук режимдин милдети.*
*Укуктук режим –укуктук жөнгө салуунун механизми, укуктук абалдар. Укуктук режимдердин түрлөрү.*

*Жалпы кесиптик жана атайын адистештирилген сабактар боюнча берилген ушул программа Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин коллегиясы тарабынан кабыл алынган «орто кесиптик билимдин мамлекеттик билим берүүчү стандартынын» талаптарынын негизинде иштелип чыккан.*

## *Кылмыш –жаза укугу.*

### *Жалпы бөлүк.*

*Кылмыш-жаза укугунун жалпы түшүнүгү, максаты ,негиздери,түркүмү. Кылмыш-жаза мыйзамынын жалпы түшүнүгү жана анын түзүлүшү. Кылмыштын жалпы түшүнүгү жана анын белгилери. Кылмыш-жаза мыйзамынын убакыт жана мейкиндик боюнча колдонулушу. Кылмыштын жыйындысы жана өнөкөт кылмыштар. Кылмыштын курамынын жалпы түшүнүгү жана түрлөрү. Кылмыштын курамынын бирдиктери. Кылмыштын объективдүү жагынын түшүнүгү. Кылмышты жасоонун орду,убактысы, абалы, ыкмасы, чаралары. Кылмыштын субьектиси. Кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылуу курагы. Кылмыштын атайын субьектиси. Күнөөнүн жалпы түшүнүгү, түрлөрү. Кылмышты жасоонун баскычтары. Кылмышка шериктеш болуу жана шериктештиктин түрлөрү. Жосундун кылмыштуулугун жокко чыгаруучу жагдайлар. Жазанын түшүнүгү,түрлөрү жана максаты. Жоопкерчиликти оордотуучу жана жеңилдетүүчү жагдайлар. Кылмыш- жаза жоопкерчилигинен бошотуунун түшүнүгү жана түрлөрү. Жазадан бошотуу жана анын түрлөрү. Жашы жетпегендердин кылмыш-жаза жоопкерчилиги жана анын өзгөчөлүктөрү. Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары.*

### *Өзгөчө бөлүк.*

*Өмүргө жана саламаттыкка каршы кылмыштар. Саламаттыкка каршы кылмыштар.Инсандын эркиндигине, ар-намысына жана кадыр баркына каршы кылмыштар. Инсандын жыныстык кол тийгистигине жана жыныстык эркиндигине каршы кылмыштар. Адамдын жана жарандын конституциялык укуктарына жана эркиндиктерине каршы кылмыштар. Үй-бүлөгө жана жашы жетелектерге каршы кылмыштар. Экономика чөйрөсүндөгү кылмыштар. Менчикке каршы кылмыштар. Экономикалык иш чөйрөсүндөгү кылмыштар. Мамлекеттик эмес ишканалардагы жана уюмдардагы кызматтын кызыкчылыктарына каршы кылмыштар. Коомдук коопсуздукка жана коомдук*

тартипке каршы кылмыштар. Калктын саламаттыгына жана коомдук адептүүлүккө каршы кылмыштар. Экологиялык кылмыштар.Транспорт кыймылынын жана аны пайдалануунун коопсуздугуна каршы кылмыштар. Компьютердик маалыматтар чөйрөсүндөгү кылмыштар. Мамлекеттик бийликке каршы кылмыш. Кызматтык кылмыштар. Сот адилеттигине каршы кылмыштар. Башкаруу тартибине каршы кылмыштар. Аскердик кылмыштар. Тынчтыкка жана адамзат коопсуздугуна каршы кылмыштар.

## *Жазык процессуалдык укугу.*

### *Жалпы бөлүк.*

*Жазык укугунун түшүнүгү жана башаттары. Жазык процессуалдык укуктук мамиле түшүнүгү. Жазык процессуалдык укуктун субъектилери жана обьектилери. Жазык процессине катышууну жокко чыгаруучу жагдайлар. Жазык процессуалдык укугунун булактары, ченеми,убакытта ,мейкиндикте жана жактарга карата колдонулушу. Жазык процессинин баскычтары жана субьектилери. Жазык процессиндеги далилдер түшүнүгү жана анын классификациясы. Далилдөө предмети жана процесси. Далилдин түрлөрү. Жазык процессиндеги жарандык доонун түшүнүгү жана негизи. Жарандык доогердин жана жоопкердин процессуалдык абалы. Мажбурлоо чараларынын түшүнүгү жана мааниси. Мажбурлоо чараларынын түрлөрү. Жазык иштери боюнча айыптоо жана жазык сот өндүрүшүн жокко чыгаруучу жагдайлар. Жазык процессиндеги өтүнүч, даттануулар, процессуалдык мөөнөттөр жана чыгымдар.*

### *Өзгөчө бөлүк.*

*Жазык ишин козгоонун жүйөлөрү жана негиздери. Жазык ишин козгоону жокко чыгаруучу жагдайлар. Тергөө жүргүзүүнүн түшүнүгү жана мааниси. Тергөө жүргүзүүнүн жалпы шарттары. Айып таңуулоо жана айыпталуучу катары тартуу. Сотко караштуулук соттук териштирүүгө даярдык көрүү. Соттук териштирүү түшүнүгү жана мааниси. Соттук териштирүүнүн жалпы шарттары. Соттук териштирүүнүн катышуучулары. Өкүм түшүнүгү жана түрлөрү. Өкүмдү чыгаруу жана аткаруу. Мыйзамдуу күчүнө кире элек өкүмдөрдү, токтомдорду кайра кароо.Мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмдөрдү, аныктамаларды, токтомдорду кайра кароо. Жаңы ачылган жагдайлар боюнча жазык ишин кайра кароо. Соттук териштирүүнүн жөнөкөйлөштүрүлгөн*

тартиби. Жеке айыптоо менен жазык сот өндүрүшү. Сот арачылары менен жазык ишин кароо. Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу боюнча иш жүргүзүү. Жазык сот өндүрүшү боюнча чет өлкөлөр менен кызматташуу.

## Жарандык укук.

## Жалпы бөлүк.

Жарандык укук Кыргыз Республикасынын укук тутумунун өз алдынча тармагы. Жарандык укуктун башаттары. Жарандык укуктун булактары. Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарынын колдонулушу. Жарандык укуктук мамилелер түшүнүгү жана анын өзгөчөлүктөрү. Жарандык укук мамленин субьекттери жана обьекттери. Жарандык укуктук мамиленин түрлөрү. Жарандык укуктун обьекттери жөнүндө түшүнүк жана аын түрлөрү. Жарандык укуктун обьекттери катары жеке мүлктүк эмес дөөлөттөр. Жеке жак түшүнүгү. Кыргыз Республикасынын жарандарынын аракетке жана укукка жөндөмдүүлүгү. Жарандык абалдын актысы. Юридикалык жактар түшүнүгү. Юридикалык жактын укукка жөндөмдүүлүгү. Юридикалык жактын органдары. Юридикалык жактын түрлөрү. Юридикалык жакты жоюуу. Филиалдар жана өкүлчүлүктөр. Жарандык укукта бүтүм түшүнүгү жана анын түрлөрү. Өкүлчүлүк түшүнүгү жана мааниси, анын түрлөрү. Ишеним кат түшүнүгү жана түрлөрү. Жарандык укуктагы мөөнөт түшүнүгү жана анын түрлөрү. Доонун эскирүү түшүнүгү жана анын мааниси. Кыргыз Республикасынын жарандарынын менчик укугу. Кыргыз Республикасынын менчик укугу. Милдеттенме түшүнүгү жана анын мааниси. Милдеттенмелердин келип чыгышынын негиздери. Милдеттенмелерди аткаруу түшүнүгү. Милдеттенмелердеги жактардын алмашуусу боюнча түшүнүк жана анын негиздери. Милдеттенмени аткарууну камсыз кылуу. Милдеттенмелердин бузулушу үчүн жоопкерчилик. Милдеттенмелердин токтотулушу. Жарандык – укуктук келишим түшүнүгү жана анын мааниси.

*Өзгөчө бөлүк.*

Соода-сатык келишими жана анын түлөрү. Энергия менен жабдуу келишими. Ишкананын сатуу келишиминин түшүнүгү жана формасы. Алмашуу келишими. Рента келишими жана анын түрлөрү. Мүлктү жалдоо келишиминин түшүнүгү, түрлөрү жана формасы. Прокат. Финансы арендасы (лизинг). Акысыз пайдалануу келишими жана формасы. Подряд келишиминин түшүнүгү жана түрлөрү. Акы төлөп кызмат көрсөтүүлөр. Транспорт экспедициясы. Заем жана кредит. Банк салымы жана Банк эсеби келишими. Тапшырма келишими. Комиссия келишими. Сактоо келишими. Камсыздандыруу келишиминин формасы, мазмуну жана аны түзүү. Камсыздандыруу келишимин аткаруу. Моралдык зыяндын ордун толтуруу. Интеллектуалдык менчик түшүнүгү. Автордук укук жана эриш-аркак укуктар. Мурастоо укугу жөнүндө түшүнүк. Керээз боюнча жана мыйзам боюнча мурастоо. Эл аралык жана жеке укуктун ченемдерин жарандык-укуктук мамилелерге карата колдонуу.

*Жарандык жараян укугу.*

Соттун курамы. Баш тартуу. Сотко таандуулук. Сотко караштуулук. Ишке катышкан жактар. Соттогу өкүлчүлүк. Далилдер. Соттук чыгымдар. Жарандык сот ишин жүргүзүүдө административдик жаза берүү. Процесстик мөөнөттөр. Соттук кабарлоо жана чакыруулар. Сот актыларын аткаруу. Доо коюу. Доону камсыз кылуу. Соттук териштирүүгө ишти даярдоо. Соттук териштирүү. Соттун чечими. Сот ишин жүргүзүүнү токтото туруу. Сот ишин жүргүзүүнү токтотуу. Арызды кароосуз калтыруу. Соттун аныктамасы. Протоколдор. Сырттан жүргүзүү жана сырттан чыгарылган чечим. Буйрук иретиндеги иш . Жарандардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын шайлоо укуктарын коргоо жөнүндө иштер боюнча сот ишин жүргүзүү. Административдик укук бузуулар жөнүндөгү иштерди кароо ыйгарым укугу берилген мамлекеттик органдардын жана кызмат адамдарынын токтомдорун талашуу жөнүндөгү арыздар боюнча сот иши. Мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, кызмат адамдарынын чечимдерин жана аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу жөнүндөгү иштер боюнча сот ишин жүргүзүү. Жарандар, юридикалык жактар, прокурорлор тарабынан ченемдик укуктук актылар талашылгандагы сот ишин жүргүзүү. Юридикалык мааниси бар

фактыларды аныктоо. Жаранды дайынсыз жок деп табуу жана жаранды өлгөн деп жарыялоо. Жаранды аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген же аракетке жөндөмсүз деп табуу. Жашы жете электи толук аракетке жөндөмдүү деп жарыялоо (эмансипация). Кыймылдуу мүлктү ээси жок деп табуу жана ээси жок кыймылсыз мүлккө карата муниципалдык менчик укугун таануу. Талап кылуучунун баалуу кагаздарына жана ордердик баалуу кагаздарга карата жоголгон менчик укугун калыбына келтирүү (кайра чакыртуу ишин жүргүзүү). Психиатриялык стационарга жаранды мажбурлап жаткыруу. Жарандык абал актысындагы туура эмес жазууларды белгилөө. Нотариалдык иш-аракеттерди жүргүзүүгө арыздарды карап чыгуу же аларды жүзөгө ашыруудан баш тартуу. Соттун чечимине апелляциялык даттануу. Соттун чечимин кассациялык тартипте кайра кароо. Соттун аныктамасына апелляциялык даттануу. Көзөмөл инстанциясындагы сотто иш жүргүзүү. Мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын жаңы пайда болгон жагдайлар боюнча кайра кароо. Чет өлкөлүк жактардын жарандык процесстик укуктуулугу жана укукка кудуретсиздиги. Чет өлкөлөк жактар катышкан жарандык иштерди Кыргыз Республикасынын соттору карап чыгышы. Экономикалык иштер боюнча жарандык сот ишин жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү. Сот актыларын жана дагы башка органдардын актыларын аткаруу менен байланышкан өндүрүш. Эл аралык соттордун, чет өлкөлүк соттордун, эл аралык бейтарап соттордун (арбитраждардын), чет өлкөлүк бейтарап соттордун (арбитраждардын) чечимдерин таануу жана аткаруу тууралуу иштер боюнча өндүрүш.

ЭУКС бир.отурумунда
караЛды прот.№ 5
“09” 01 2019-ж.
бир.башчысы [signature]
Шералиева А.И.

К-ӨУ нун СКнын ПКде
**“жактырылды”**
прот.№ 5 “14” 01 2019-ж.
ПКнын төрагасы [signature]
т.и.к. Бакиров И.А.